# БАТАНЫ КЫРГЫЗ ТИЛ САБАГЫНДА КОЛДОНУУ

**КЫДЫРОВА АИДА**
*окутуучу, Ж.Баласагын атындагы КУУ*

Бүгүнкү күндө балдарга билим жана тарбия берүү иши жооптуу жана кыйын. Анткени биздин коомдо социалдык – экономикалык кыйынчылыктардын негизинде адеп , ыйман сыяктуу маселелер унутулуп бара жатат. Ошондой эле, жаңы техниканын ар түрдүү багыттарынын көбөйүшү дагы буга себеп болот.

Эң өкүнүчтүүсү, бул тармактын жайылышынын себебинен балдардын акыл-ой, убакыт, кызыгуусун жаратып, билим алуу, тарбия маселелеринин артта калышында болуп жатат.

Ал эми билим, тарбия, адеп-ахлак идеологиясы – бул улуттук идеология болуп эсептелгендиктен, анын кыргыз тили жана адабияты сабактарынын мазмунуна сиңирилгендигин унутпашыбыз керек.

Көп учурда, кээ бир мугалимдер жеңил жана үстүртөн сабак өтүү менен чектелет. Мында биздин жаш муундарыбыз элдин рухий дүйнөсүнөн, акыл казынасынан кабарсыз калаары белгилүү. Ошондуктан биз кыргыз элинин дөөлөттөрүн жана анын үлгүлөрүн иштеп чыгып, аларды сабак процессинде колдонуп, коомубуздун идеологиясы катары бала-бакча, мектеп, жогорку окуу жайларында жайылтып, жаштарыбызды ошол нукта тарбияласак жакшы болот.

Андыктан, кыргыз тил сабагында элибиздин улуу наркы болгон **- батаны** , анын маанисин , элдик ишенимин, бата берүү салтын окутуу зарыл.

Ар бир улуттун жаш муунду тарбиялоодо топтолгон тажрыйбалары болот эмеспи. Кыргыз эли дагы батаны ыйык сактап, жаштарды тарбиялоодо колдонуп келген. Бата өмүр үчүн өбөк, таяныч, жетектөөчү да боло алган.

Бата себепсиз айтылбайт. Аны ички зарылдык гана айттырат.

Кыргыздарда батаны эл туу туткан касиеттүү адамдар айтып келген. Эгерде **той учуру** болуп калса:

**«Айланайындар, башыңарга бак консун, тоюңар тойго улансын, тең арып, тең карыгыла, эриш-аркак болуп өмүр сүргүлө, бакыт кушу колуңардан учпасын, алдыңарды мал, артыңарды бала бассын »-деп айтылса, колго суу куйган** жаш балдарга: **«Көп жаша, суудай тунук бол, тилегиңди берсин», сапарга чыккан адамга:«Кыдыр жылоолосун,Кыдыр жолдошуң болсун», эмгек ишинде болсо: «Ишиң илгери болсун, көчкө** карата айтылса**:**

**«Көч көрктүү болсун,**
**Журт жуктуу болсун,**
**Унаа кабыл болсун,**
**Айлана адил болсун,**
**Кызың кылыктуу болсун,**
**Уулуң урматтуу болсун,**
**Келиниң келбеттүү болсун»- деп айтылган.**

**Кош бойлуу аялга**:»Аман-эсен бошонуп , көз жарып ал »,

**Жаңы төрөлгөн балага:** »Кудайым наристеге узун-өмүр берсин, ырыс-кешиктүү болсун, күйүмдүү жигит болсун», **аскерге жөнөгөндө**:»Эсен-аман эл четине, жоо бетине барып кел, кудайым бөөдө кырсыктан, бейкүнөө ажалдан сактасын»-деп айтылган.

Батаны айтууда алакан жайган адам канчалык көп болсо, бата ошончолук өтүмдүү болот деген элдик ишеним да кыргыз элинде жашап келген. Андыктан , адамды ар тараптуу өнүктүрүүдө, үмүтүн жандандырууда жана ишенимин арттырууда батанын мааниси өтө зор болгон.

Бата- адамдар арасында мээр төгүүгө, сылык- сыпайы сүйлөшүүгө чоң пайдасын тийгизен. Ошондуктан элибизде:

**«Сөз кубаты –ак бата,**
**Сөз атасы- ак бата» -деп айтылган**.

Кайсы гана элдин турмушунда болбосун, таалим-тарбия, элдик нарк, салт, адеп-ыйман сыяктуу маселелер эң маанилүү иш- аракет катары бааланып келген. Ар бир элдин келечеги болгон кыз-уландар өз элинин уңгулуу , уюткулуу тарбия көрөңгөсүнөн таалим алышып, элдин татыктуу адамы болуп, ата-салтын, эне адебинин жолун жолдоп, турмуш көчүн улантышкан.

Элибиздин кадырлуу карыялары, даанышмандары, мээримдүү энелерибиз жаштарды оң жолго салып, ак сөзүн айтып келишкен. Мына ошондой сөздөрдүн бири- **бата сөзү.**

Бата берүү сөзү өзгөчө басым менен айтылат.Анда ыргак болот. Ошондуктан, батада айтылган сөз так, жеткиликтүү берилет.Бул анын таасирдүүлүгүн арттырат.

Андыктан, батанын үлгүлөрүн иргеп алып, аларды сабакта түрдүү көнүгүүлөрдү иштөөдө, сөз өстүрүү, фольклор,салт таануу боюнча ар кандай иш-чараларда, грамматикалык материалдарды үйрөтүүдө колдонсок , жакшы натыйжаларды берип , баалуу сабактардан болот-деп ишенебиз.

Батаны кыргыз тил сабагында колдонуу боюнча **сабактын бир үлгүсүн** сунуш кылабыз:

**Сабактын темасы:** «Батаны кыргыз тил сабагында
колдонуу».

**Сабактын максаты:**

**а)** Балдарга кыргыз элинин улуу наркы болгон - **батаны**, анын маанисин, колдонуу жагдайларын, элдик ишенимин, жашоодогу ордун түшүндүрүү.

**б)** Ал аркылуу балдарды эркин сүйлөөгө, сөз байлыгын, ойлоо жөндөмүн өстүрүүгө үйрөтүү.

**в)** Элдин баалуу каада-салттарын, үрп-адаттарын, элдик ишенимин, эне тилин, элин-жерин ыйык сактоого тарбиялоо.

**Сабактын тиби:** Жаңы материалды өздөштүрүү.

**Сабактын методу:** Аңгемелешүү, суроо-жооп методу.

**Сабак аралык байланыш:** тарых, адабият, этнопедагогика .

**Сабактын жабдылышы:** окуу китептери, «Кут Ордо», «Рух Кенчи», « Мурас» газета-журналдары, энциклопедиялар, сүрөттөр, ж.б.

**Сабактын жүрүшү:**

Балдарды уюштуруу аркылуу активдештирип, көңүлдөрүн сабакка буруу. Жаңы сабактын максаты менен тааныштыруу.

Адегенде, балдар төмөнкү суроолорго жооп беришет:

Азыркы күндө бата айтылабы, батаны кимдер беришет, алардын мааниси кандай?
Балдар билген маалыматтарын айтышат.

**Жаңы теманы түшүндүрүү:**

**Туура айтасыңар** балдар, ата-бабаларыбыз бекеринен «Бата менен эл көгөрөт, жамгыр менен жер көгөрөт »,»Атаңдан бото калбасын, бата калсын» -деп айткан эмес, булардын мааниси өтө зор болгон.

Кыргыздарда илгртеден жоо майданына аттанган баатырлар касиеттүү адамдардан эң биринчи бата алып чыгышкан.

Ал эми тескерисинче, кылычтын мизинен коркпогон адамдар, тескери батадан коркушуп, жаман ниеттеринен кайтышып, дилин тазартышкан.

Бата алган ар бир адам өнүп-өскөн, жамандык көрбөгөн.

Бата ыйык болгондуктан, аны берүүчү да, алуучу да ниети таза адам болуш керек болгон. Батада айтылган сөз күчтүү, таасирдүү болгон, ал дайыма аткарылган.

Мисалы, **силер айткылачы**, кайсы учурда батага ээ болосуңар?

Силер кимдерден бата алгансыңар?

Балдар жооп беришет.

**Туура**, ак батаны бизге ата-бабаларыбыз аруу тилек менен беришет.Алар силердин келечекте жакшы адам болуп, ата-энеге, эл-жерге кызмат өтөгөн жаштардан болушуңарды тилеп, ак батасын беришет:

«Улууну сыйлап, жетик бол,
Кичүүгө өмүр шерик бол,
Аккан суунун шары бол,
Оруулууга дары бол,
Опол тоодой кары бол».

Келгиле эми, бата боюнча **шиңгил(кластер**) түзүп көрөлү:

| |
|---|
| **Бата улуу нарк** |
| **Бата ак сөз       бата ыйык** |

**Бата**

| |
|---|
| **Бата өнүктүрөт,өстүрөт,       Бата сөз кубаты жетектөөчү,таяныч       Бата сөз атасы** |

**Бата жандандырат,багыт берет**

| |
|---|
| **Бата куткаруучу,сактоочу,жалгоочу** |

**Жаңы темабызды бышыктап көнүгүү иштеп** көрөлү:

**1) «**Алдыңарды мал,
Артыңарды бала бассын »-деген сөздөн синоним,антонимдерин тапкыла, мындай мисалдардан дагы ойлонгула?

**2)**Бул сөздүн маанисин чечмелегиле?

**«Куру аякка бата жүрбөйт».**
**«Сөз атасы-ак бата»**

**3**)Бул сөздөрдү ойлонуп толукта**.**
**а) Тилеген……………жет.**

**б) узун болсун.**
**в) шыдыр, кыдыр болсун.**

**Сабакты жыйынтыктоо**:
**Демек, бата бул - улуу нарк, аны дайыма туу тутуп,өнүгүп-өсүүгө умтулуп, бата берүү салтын жакшы үйрөнүшүбүз керек.**

**Аягында,** бүгүнкү сабактан өзүңөргө эмнени алдыңар, кандай тыянак чыгарасыңар? Балдар жоопторун айтышат.

**Үй тапшырма:** Үй тоюн бергенде, алыскы сапардан келгенде кандай бата айтылаарын билип келүү.

**Адабияттар:**


1. Кут ордо газетасы № 3 2010-жыл 6-бет
2. Рух Кенчи февраль 2011-жыл 16-бет
3. Мугалимге илим казынасынан (паремиологиялык этюд) 47- бет.